Бишкек шаары, Свердлов району, №4 Гуманитардык –укуктук багыттагы гимназиясы

Кыргыз тили  мугалими Шонкоева Гулбарчын Темирбековна

**Сабактын темасы:**  ”Улуу Жибек жолу”  (Кептик тилке - “Соода-сатык”)

**Грамматика:** Сан атооч. Эсептик сан. Бөлчөк сан.

**Сабактын максаттары:**

| ***Билим берүүчүлүк максаты:*** | ***Өнүктүрүүчүлүк максаты:*** | ***Тарбия берүүчүлүк максаты:*** |
|---|---|---|
| Окуучулар сан атоочтун эки түрүн ажырата алышат, сүйлөмдө, текстте сан атоочторду колдоно билишет | Улуу Жибек жолунун тарыхын өздөштүрүү менен, ага байланышкан сандарды эстеп калышат | Кыргыз элинин тарыхын билип, улуу мурастарды баалоого үйрөнүшөт |

**Көрсөткүчтөр:**

жогорудагы максаттарга жеттик дейбиз, эгерде окуучу:

| | | |
|---|---|---|
| • Эсептик санды, бөлчөк санды ажырата алышса;<br>• Сүйлөмдө, текст түзүүдө бул сан атоочторду колдоно билишсе; | • Улуу Жибек жолунун тарыхын эстеп калышса;<br>• Бул темада кездешкен сандарды эстеп калып, жашоодо да колдонууга үйрөнүшсө; | • Кыргыз элинин тарыхына кызыгуусу артылса;<br>• Улуу мурастарды баалоонун зарылчылыгын түшүнүшсө; |

**Окуучулар ээ болуучу компетенттүүлүктөр:**

***Тилдик компетенттүүлүк:***

-сан атооч боюнча билимге ээ болушат;

-кыргыз адабий тилинин, жазуу эрежелеринин нормасында жазып жана сүйлөй билүүгө үйрөнүшөт;

-сөздүк менен иштей билишет;

***Кептик компетенттүүлүк:***

-тексттин мазмунун угуп, көрүп, окуп түшүнүшөт;

-тексттеги негизги ойду аныктай алышат;

-туура сүйлөп, сабаттуу жаза алышат;

-тил аркылуу өз оюн кеңири билдирүүгө үйрөнүшөт;

***Лингвоэтномаданий компетенттүүлүк:***

-тил менен бирге элдин тарыхын, географияны үйрөнүшөт;

-тил аркылуу элдин адабий казынасын окуп үйрөнүшөт;

**Сабактын методу:** Интерактивдүү ыкма: (жекече,онлайн тапшырмаларды аткаруу)

**Сабактын тиби:** Билим жана билгичтикти өркүндөтүү.

**Каражаттар:** ноутбук, панель ”Promethean” ,слайддар, аудио, таркатма материалдар, сүрөттөр, текст, лэпбуктар

**Колдонулуучу усулдар:** “Лэпбук”, “Пликерс”, “Жөргөмүштүн желеси”, “Гугл форма”, “Барабук”, “БББ”

**Колдонулуучу баалоонун ыкмасы:** калыптандыруучу баалоо, “баалоонун критерийлери”.


***Сабактын жүрүшү:***

1. **Уюштуруу:** Саламатсыңарбы менин сүйүктүү окуучуларым! Жагымдуу маанай түзүү: Балдар, силер бул сүрөттү көргөндө эмне оюңарга келди?(Сабактын девизин таапчыгабыз)бүгүн биз сабактын башынан аягына чейин маанайыбыз жогорку деңгээлде болуп турсун деп, бул доскадагы жагымдуу кызды улам карап, жылмайып турабыз.Азыр бири – márbiribizdi карап жылмайып коёлу. (1 мүнөт)
2. **Мээге чабуул**- топ ыргытуу аркылуу сандардын орусча-кыргызча аталышын эске салуу.(1мүнөт)

Ушулардын бардыгы жалпысынан кандай аталат?(Сан атооч) Кайсы суроого жооп берет? Азматсыңар, демек, сан атоочтор канча? нече?канчанчы? неченчи?деген суроого жооп берет.

3. **Үй тапшырмасын текшерүү**(3 мүнөт) Үйдөн жасап келген лэпбуктарыңарды көрсөткүлөчү. Азаматсыңар!
   Убакыттын тардыгына байланыштуу, мен чогултуп алып, сабактан кийин текшерем.
   Өткөн сабакта өтүлгөндөрдү тереңирээк бекемдеш үчүн биз **"гугл форма"** аркылуу тест жүргүзө коёлу. Баарыңар чөнтөк телефондорду алгыла, мен ссылканы кетирдим.(Жагымдуу музыка ойноп турат)
   Эми, келгиле сүрөттөргө көңүл бурабыз.
4. **Сабактын темасын жана максатын айтуу**:Бул үчүн алгач экранда төрт сүрөт көрсөтүлөт: Карыя, жибек пилласы, жол, кербен
   -Балдар, кеп эмне жөнүндө болгону жатат? Силер теманы табууда кыйналбайсыңар деп ойлойм, себеби биз өткөн сабакта да бул темадагы текст менен таанышканбыз.
   Карыя кандай адам?
   - Улуу
   Кийинки сүрөттөгү эмне?- Жибек.
   Үчүнчү сүрөтчү?-Жол
   Төртүнчү сүрөттө кербен тартылган.
   Демек, биз бүгүн эң кызыктуу тема Улуу Жибек жолу жөнүндө билим алууну улантабыз.УЖЖ жөнүндө дагы да кызыктуу маалыматтарга ээ болобуз.(2 мүнөт)
5. Сабакты баштаардан мурда баалоонун критерийлерине көңүл бургула.

Ар бир окуучуну баалоо үчүн гүл формасындагы баалоо критерийлери доскага илинет. Ар бир критерий боюнча активдүү катышкан окуучу сабактын аягында "5" деген баага татыктуу болот.(1 мүнөт)






6. **Сөздүк менен иштөө:** “Барабук”приложениеси аркылуу.
   Балдар,  биз бүгүнкү сабакта тааныша турган жаңы сөздөргө көңүл бургула.
   Бул сөздөр китепте да берилген, унутуп калбаш үчүн сөздүк дептерге жазып, жаттап келебиз. (2мүнөт)

7. Эми, келгиле “ЛЭПБУККА” көңүл буралы. Өткөн сабагыбызда сан атооч темасындагы лэпбукту көрдүк эле. Бүгүн болсо “Улуу Жибек жолу” деген темадагы боз үй формасындагы лэпбукту иш жүзүндө көрөлү.

ИчиндеУЖЖ байланышкан көп нерселер бар. (Лэпбук жөнүндө кыскача маалымат).(1мүнөт)

6. Чөнтөккө салынган дисктен аудио угабыз жана слайд көрөбүз.
   Слайд менен аудио уктуруу:

***Улуу Жибек жолу б.з.ч.2-кылымдын ортосунан орто кылымдардын 15-кылымына чейин өкүм сүргөн. УЖЖ  узундугу 7000 км.түзгөн. Кыргызстан ал жолдун  1/7 бөлүгүн ээлеген. Улуу Жибек жолу аркылуу жибек, татымалдар, алтын, күмүш, экзотикалык куштар жана жаныбарлар ташылган.***

***Улуу Жибек жолу- Батыш менен Чыгышты байланыштырган улуу жол болгон. Чыгыштан Кытайды, батыштан Рим жана Византия дөөлөттөрүн, Чыгыш  Европа жана Сибирди, түштүктөн Индия аймагын баш коштурган.***

***Соода кербендери Ош, Өзгөн,Баласагын,Суйаб,Барскан,Кочкор-Башы, Ат-Башы, Тоң сыяктуу орто кылымдагы шаарлар аркылуу өткөн. Бул соода жолунун негизги унаасы- төө болгон.***(2мүнөт)

Балдар, эмне үчүн бул жол- Улуу Жибек жолу деп аталат? Туура айтасыңар, тарыхта терең из калтырып, узак убакыт бою Европа менен Азияны байланыштырып турган үчүн, өз убагында өтө чоң мааниге ээ болгон үчүн ушундайча аташса керек.

8. Жогоруда силер уккан тексттен кайсы сандарды кездештирдиңер? (экинчи, он бешинчи, жети миң, жетиден бир). Балдар, жети миң жана жетиден бир сандарына көңүл бургула. Мүчө уланбай санды билдирип турган сөз – эсептик сан атооч болот. Ал эми бүтүндүн бөлүгүн билдирип жаткан сан бөлчөк сан атооч болот. Аны чыгыш жөндөмөнүн –дан мүчөсү уюштурат. Орус тилинен айырмаланып, бөлчөк сандын астыңкы саны биринчи айтылат.
9. Көнүгүү иштөө: 10-көнүгүү, 148-бет

10. Физ минутка-“Азиянын жамгыры”(2мүнөт)

11. Темага байланыштуу тест алуу (**«Пликерс»** программасы менен)

Бул ыкмада ар бир окуучуга QR коду бар карточкалар таркатылат. Экрандан суроолор көрсөтүлөт. Окуучу туура деген вариантын жогору каратып карточканы көтөрүп, мугалим телефон менен сканерлегенге мүмкүнчүлүк беришет. Мугалимдин телефонунда туура жооптор жашыл, туура эмес жооптор кызыл болуп көрүнүп калат. Беш суроого тең жооп алган соң, мугалим тесттин жыйынтыгын экрандан көрсөтөт

Азаматсыңар балдар, жооптордун жыйынтыгы өзүңөргө көрүнүп турат.(4мүнөт)

12. Балдар, силер байкадыңарбы, биздин сабакта бир нече жолу сан атооч сөздөрдү колдондук. Биздин жашообуз ар дайым сан менен байланышта экен. Көзүбүздү ачканда эле саат карайбыз-ал сан.Чай ичүүгө канча кашык, канча чыны керек-бул сан.Курчап турган адамдар, алган баабыз, маршруттук автобустун номери, баскан жолубуз. Деги эле, адам төрөлгөндөн баштап, жашоосу токтогонго чейин сандар ар бир кадамда кездешет экен. (2 мүнөт)
13. **Жыйынтыктоо:** Балдар, силер бүгүнкү сабактан кандай жаңылык алдыңар? Эмне силер үчүн маанилүү болду? Эмне эсиңерде калды?

БББ таблицасы

| Билем | Билдим | Билгим келет |
|---|---|---|
| | | |

(2мүнөт)

14. “Жөргөмүштүн желеси” ыкмасы.

Б.з.ч 2-кылымдын ортосунан баштап, орто кылымга чейин өкүм сүргөн  Улуу Жибек жолу Европа менен Азиянын элин байланыштырып, соода эле эмес, маданиятын да тыгыз байланышта кылган, өтө маанилүү жол экен да. Келгиле анда, ошол жол басып өткөн мамлекеттердин өкүлү катары өзүбүздү элестетип,ушул улуу жолдун байсалдуу  болушу үчүн каалообузду айтып коёлу (Бул жерде «жөргөмүштүн желеси» ыкмасы колдонулат. Желе Кыргызстандан башталып, Кыргызстан менен бүтөт. Жагымдуу музыка коштоп турат)

(3 мүнөт)

15. **Баалоо:** Окуучулар өз аты жазылган стикерди доскадагы быйтыкчаларга чаптайт.  Мугалим болсо ар бир бөлүмдө  кайсы окуучу жакшы аракеттенсе, ошол окуучунун аты жазылган стикерди баалоонун критерийлерине чаптап турат.
Баалоо критерийлерине чапталган упайлардын негизинде мыкты окуучулар аныкталат.   (2 мүнөт)

16. **Үй тапшырма:** Чыгармачыл тапшырма: Өз чыгармачылыгыңар менен «Мен Улуу Жибек жолун кандай элестетем?» деген суроого жооп берип келгиле. Бул  сүрөт тартуу, картинка чыгаруу, текст табуу же түзүү, видео жасоо, кроссворд түзүү, эссе жазуу, презентация даярдоо, лэпбук түзүү ж.б. болушу мүмкүн .

Сабагыбыз ушуну менен аяктады, бардыгыңар азаматсыңар! Эң мыкты окуучулар экениңерди көрсөттүңөр! Кийинки сабакта көрүшкөнчө саламатта калгыла, балдар!(2 мүнөт)

## №1- тиркеме.

**“Гугл форма”** аркылуу жүргүзүлүүчү тесттин суроолору:

1) Жибек качан пайда болгон?
   а) 50 жыл мурда
   б) 5 миң жыл мурда
   в) жакында эле

2) Жибек кайсы өлкөдө пайда болгон?
   а)Японияда
   б) Чыгыш өлкөсүндө, Кытайда
   в) Америка Кошмо Штаттарында

3) Кытай ханышасы чайды кайсы жерде ичип отурган?
   а)өз сарайынын ачык сересинде
   б)чайханада
   в)бөлмөнүн ичинде

4)Ачылыш кантип пайда болду?
   а)окумуштуулар изилдеп тапкан
   б)ханышанын буйрутмасы менен иштеп чыгышкан
   в) чайга түшкөн жибек пилласы ханышанын тырмагына жабышып, чубалжып кеткен.